**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КӨК-ОЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**КОК-ОЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

«3» ноябрь 2023-жыл                    Көк-Ой айылы

Көк-Ой айылдык кенешинин
IX-чакырылышындагы кезексиз 29- сессиясынын №29 токтому

**«Көк-Ой » айыл өкмөтү мекемеси "А.Нуржанов" айыл өкмөтү мекемеси "Долоно" айыл өкмөтү мекемеси "Кең-Кол" айыл өкмөтү мекемесине кошулуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүгүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 "Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө" токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып, "Көк-Ой" айылдык кенеши **ТОКТОМ КЫЛАТ**:

1. «Көк-Ой» айыл өкмөтү мекемеси "А.Нуржанов" айыл өкмөтү мекемеси "Долоно" айыл өкмөтү мекемеси бириктирүү жолу менен «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» болуп кайра түзүлүүгө уруксат берилсин.
2. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү актысына кол коюу жагы "Көк-Ой" айыл өкмөтү мекемесинин башчысы Мурат Шамильге жүктөлсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышы боюнча көзөмөлдү өзүмө калтырам.

**«Көк-Ой» айылдык кеңешинин төрагасы**                    **Джусупбеков К.М.**